***DOI:10.26104/NNTIK.2022.46.72.043***

***Калиева Ж.***

# ТАЛАА АЙМАГЫНА ДЫЙКАНДАРДЫ КӨЧҮРҮП КЕЛҮҮ КЫЙМЫЛЫ

***Калиева Ж.***

# ДВИЖЕНИЕ ПО ПЕРЕСЕЛЕНИЮ КРЕСТЬЯН НА ТЕРРИТОРИЮ СТЕПЕЙ

***Zh. Kalieva***

# MOVEMENT FOR THE RESETTLEMENT OF PEASANTS TO THE TERRITORY OF THE STEPPES

*УДК: 94(571.1)*

*Макалада XIX кылымдын экинчи жарымындагы – XX кылымдын башындагы падышачылык Россиянын дыйкандарды көчүрүп келүү кыймылы Талаа аймагындагы жүрүшү окумуштуу, аймак таануучулардын изилдөөлөрүнүн негизинде каралган. XVIII кылымдын биринчи чейрегинде, экинчи жарымында башталган аскердик-казак колониялары XIX кылымдадын экинчи жарымында казак талаасынын 10 миллион тешеден ашык мыкты жерлер талаа райондорунун экспроприацияланган. Семей областында Иртыштын эки жээгиндеги эң жакшы жерлер көчүрүлүп келинген казактарга берилген: Көкпекти, Каркаралы, Баянауыл аймагындагы түшүмдүү жерлер алардын пайдалануусуна берилген. Империянын чек арасын казак конуштары менен чыңдоо өкмөттүү колонизациялоонун бардык маселелерин чечкен эмес. Иртыш аймагынын жергиликтүү тарыхчыларынын: саякатчылардын, дипломаттардын, аскер кызматчыларынын, ошондой эле Казакстандын аймагы аркылуу Россия географиялык коомунун Батыш-Сибирь бөлүмүнүн ишмерлеринин экспедицияларынын жана алардын казактардын социалдык-экономикалык турмушуна, маданиятына жана тарыхына болгон байкоолору боюнча көптөгөн саякаттарынын жыйынтыгы казактардын турмушу, казак тарыхынын ар кайсы аспектилерин, топонимикалык, географиялык, фольклордук материалдарын жыйнап камтыган.*

***Негизги сөздөр:*** *көчүрүп келүү кыймылы, Талаа аймагы, окумуштуулар, аймак таануучулар, жер, теше, казак.*

*В статье рассматривается переселенческое движение крестьян царской России в Степном крае во второй половине XIX – в начале XX веков и его исследование в трудах ученых. Военно-казачья колонизация, начатая еще в первой четверти XYIII столетия, ко второй половине XIX века экспроприизировала у казахов степных областей, более 10 млн. десятин самых лучших земель. В Семипалатинской области казакам были отданы лучшие земли по обеим берегам Иртыша: в их пользование отошли плодородные земли в районе Кокпекты, Каркаралинска и Баянаула. Укрепление границ империи казачьими поселениями не разрешило всех проблем правительственной колонизации. На основе результатов многочисленных поездок ученых-краеведов Прииртышья: путешественников, дипломатов, военных, а также экспедиций деятелей ЗСО РГО по территории Казахстана и их наблюдений за социально-экономической жизнью, культурой и бытом казахов накапливается исторический, топонимический, географический и фольклорный материал, освещающий многогранные аспекты казахской истории.*

***Ключевые слова:*** *переселенческое движение, Степной край, ученые, краеведы, земля, десятина, казах.*

*The article deals with the resettlement movement of peasants in the second half of the 19th - early 20th centuries and its study in the works of local historians of the Steppe region. The military-Cossack colonization, which began in the first quarter of the 18th century, by the second half of the 19th century expropriated from the Kazakhs of the steppe regions more than 10 million acres of the best lands. В Семипалатинской области казакам были отданы лучшие земли по обеим берегам Иртыша: в их пользование отошли плодородные земли в районе Кокпекты, Каркаралинска и Баянаула. Strengthening the borders of the empire with Cossack settlements did not solve all the problems of government colonization. Based on the results of numerous trips of local historians of the Irtysh region: travelers, diplomats, military men, as well as expeditions of figures from the WSO RGS through the territory of Kazakhstan and their observations of the socio-economic life, culture and way of life of the Kazakhs, historical, toponymic, geographical and folklore material is accumulated, covering the multifaceted aspects of Kazakh history.*

***Key words:*** *migration movement, Irtysh region, scientists, local historians, territory, tithe, Kazakh.*

XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап, өзгөчө XX кылымдын башында Россия империясынын борбордук аймактарынан дыйкандарды Казакстанга массалык түрдө көчүп келип, жайгаштыруу процесси активдүү жүрө баштаган. Көчүрүлүп келинген дыйкандарды жайгаштырууда Павлодар уезди кирген Семипалатинск областынын кең аймагы да четте калган эмес.

Падышачылык Россиянын оторчулук саясатынын мезгилиндеги келгин дыйкандарды жайгаштыруу маселесин Императордук Россиядагы географиялык коомдун Батыш-Сибирь бөлүмүнүн маалыматтары боюнча үч мезгилге: биринчи 1871-1895-жж., жана генерал-губернатор Казнаковдун ишмердүүлүгү менен тыгыз байланышкан; экинчи мезгил 1895-1905-жж. камтыйт жана бул мезгил Россиянын борбордук бөлүгүндө дыйкандар кыймылынын күчөшү, дыйкандардын уруксатсыз көчүп келүүлөрү жана аларды аргасыз жайгаштыруу менен мүнөздөлөт; үчүнчү мезгил 1906-1917-жылдар. 1905-07-жылдардагы революция жеңилгенден кийин күчөгөн агрардык көйгөйдү чечүү аракети менен мүнөздөлөт.

XVIII к. биринчи чейрегинде башталган аскердик-казак колонизациясы XIX к. экинчи жарымына карата казактардын тала аймактарынан 10 миллион гектардан ашык мыкты жерлер тартып алынган. Се-

мей областында Эртыштын эки жээгиндеги эң жакшы Көкпекти, Каркаралы, Баянауыл аймагындагы түшүмдүү жерлер алардын пайдалануусуна берилген. XIX к. 70-жылдарында казак аймагында падышачылыктын оторчулук саясаты күч алган. Тарыхый маалыматтар боюнча 1871-1917-жылдар арагында казак талаасына 1,6 миллион дыйкандар көчүрүлүп келинген. Ал эми, 1916-1926-жылдары 800 миң дыйкан келген.

Бир эле учурда админитративдик кызматкерлер болушкан Орус географиялык коомунун окумуштуулары казак калкынын XIX-XX кылымдардагы коомдук мамилелери жөнүндөгү изилдөөлөрүнүн бай мурастарын калтырышкан. Императордук Россия географиялык коомунун Батыш-Сибирь бөлүмү басымдуу бөлүгү падышалык Россиянын агрардык саясатынын жүрүшү боюнча маселеге токтолушкан. Ф.А. Щербин, Л.М. Чермак, И.И. Румянцев, Н.Я. Коншин ж.б.у.с изилдөөчүлөрдүн илимий мурастарындагы токтолгон көптөгөн маселелер учурунда жарыкка чыгып, сакталып калган жана бүгүнкү күндө казак талаасындагы коомдук мамилелерди, колониялдык саясаттын кесепеттери менен коомдогу коомдук-маданий мамилелердин өнүгүшүн жаңы илимий көз караштан анализге алууда тарыхый булак катары кызмат кылмакчы.

Падышалык администрация бул чөлкөмдөгү бардык жерлерди башкаруу укугун кандай жол менен болбосун камсыз кылууга умтулган. Бул үчүн жерге ээлик кылууну жана жерге жайгаштырууну жөнгө салган укуктук документтер кайра-кайра иштелип чыккан. Мисалы, 1891-жылы кабыл алынган Талаа жобосунун II беренесинде «келгиндер» («инородцы») «айыл тургундарынын» («сельских обывателей») укуктарын толук пайдаланышкан. Ал эми жергиликтүү көчмөндөр башка жерлерге чачыратылып бөлүнгөн [1, 159-б.].

Падышачылыктын казактардын чөйрөсүнө жүргүзүлгөн мындай «маданиятташтыруусу» көчмөндөрдүн жерлерин ар шылтоолор менен талап-тонолуп, тартып алынган. Бул туурасында Н.Я. Кошинин төмөнкүдөй билдирет: жерге болгон салык 60-жылдардын аягында айрыкча күчөгөн. Жергиликтүү калк жер өздөрүнүкү экенин белгилешүү менен аренда салыктарын төлөөдөн баш тартышкан жана о.э. салык жыйноодогу кысымдарды дагы белгилешкен [2].

Аймактын социалдык-экономикалык маселелерин изилдеген Т.И. Седельников кыргыздардын (казактар – Ж.К.) 1731-жылы букаралыкты алган мезгилинде орус өкмөтүнүн алардын жер жана чарба жүргүзүүсү боюнча бүдөмүк ойлорунун болгондугун белгилейт [3]. Ошол кездеги документтерде казактардын жерге ээлик кылуусу жөнүндө бир да сөз айтылган эмес, алардын жерге ээлик кылуусу, бөлүнүшү, пайдалануу жана тескөө ыйгарым укуктары мыйзамдуу тескеген эмес [4]. Бул түшүнүктөрдүн бардыгы падышалык бийликтин мыйзам актыларында негизинде XVII кылымдын экинчи жарымынан баштап пайда боло баштаган.

Биринчи орус казак тарыхчысы Г.Е. Катанаев тарабынан Талаа аймагындагы кызматтык командировкасынын учурундагы экспидициялык илимий иштеринин негизинде жеке өзү жыйналган бай тарыхый булактык базада бизди кызыктырган маселе боюнча маалыматтар кездешет. Окумуштуу-тарыхчынын 1898-жылы «К вопросу о так называемых «земельных захватах» Сибирского казачьего войска», 1904-жылы жыйналган тарыхый булактардын негизинде жазылган «Киргизский вопрос в Сибирском казачьем войске» монографиясы ж.б. эмгектери Омскиден чыккан. Аталган эмгектерде автор Талаа аймагында тез арада орус-казактарын жайгаштыруу идеясын көтөргөн. Окумуштуунун бул идеясын генерал-губернатор М.А. Таубе, Акмоло областнын губернатору полковник Ливенцов жана ИРГКнун Сибирь бөлүмүнүн кызматкери В.А. Остафьев ж.б. эмгектеринде дагы белгилешкен [5].

Г.Е. Катанаевдин изилдөөлөрү башталганга чейин Сибирдеги орус-казак аскердик күчүнүн «кыргыздар боюнча маселеси» Семипалатинск областынын Павлодар уездинде Ф.А.Щербин изилдөөлөрүн аяктап, Семипалатинск жана Усть-Каменогорск уездери боюнча иликтөө иштери жүрүп жаткан. Автор изилдөөлөрүнүн жыйынтыгы боюнча Павлодар уездинде 4 млн теше «бош» жердин бардыгы жөнүндөгү такталбаган маалыматты берген. Жана ал жерлерге Россиянын ички аймактарынын дыйкандарды көчүрүп келип жайгаштырууга боло тургандыгын белгилеген. [6, л. 3] Ф.А. Щербиндин корутундусундагы Семипалатинск областынын уезддериндеги «бош» жерлер жөнүндөгү катачылык башка окумуштуу, изилдөөчүлөргө, алардын арасында Г.Е. Катанаевге дагы белгилүү экендиги анын эмгегиндеги маалыматтарда берилген. Ал эми дагы бир изилдөөчү В.А. Остафьев Россия империясынын оторчулук саясатындагы бул маселе боюнча төмөндөгүдөй оюн билдирген: «…Надо, чтобы киргиз был гарантирован в своем праве на землю. В настоящее время господствует совершенно произвольное отнятие самых лучших участков земли, насиженной киргизами, без всякого соглашения с владельцем этой земли, тогда как отрезка земли у крестьян производится на иных основаниях» [7, с. 65].

Казактардын талаасындагы жер маселесине байланышкан оторчулук саясаттын маселелери 1902-жылы ИРГКнун Сибирь бөлүмүнүн отурумунда Т.И. Седельников тарабынан дагы көтөрүлгөн. Ошол мезгилде Семипалатинскинин топографы болгон Т.И. Седельников Ф.А. Щербин аныктаган казактардын «жетиштүү» жашоосуу үчүн керектелүүчү жер иште-

түүнүн нормасы менен мал жандыктарынын саны илимий негизде эмес, туура эмес орто чарбанын негизинде аныктоо методикасынын негизинде аныктагандыгын белгилеген [4]. Революцияга чейинки казак интеллигенциясынын көрүнүктүү өкүлү, Ф.А. Щербиндин экспедициясынын коштоп жүргөн, Россиянын географиялык коомунун анык мүчөсү Алихан Букейханов дагы Т.И. Седельниковдукуна окшош пикирде болгон жана ал өзүнүн изилдөөсүндө бул туурасында төмөкүдөй билдирген: «…Киргизы осели на землю. Привычное, старое представление как о вечном кочующем народе, каким себе рисовала комиссия Булыгина, составляя положение о Государственной Думе, является простым анахронизмом и свидетельствует лишь о невежестве нашей бюрократии. Все киргизы живут 8-10 месяцев в году осело на одном месте. Киргизский поселок называется «кстау», от слова «кс» - зима и «тау» - гора.

В былое время, когда киргизы зиму проводили в кошомных юртах, они выбирали для зимнего времени, защищенные места в горах, отчего их селения и носили название «кстау». В настоящее время только незначительная часть киргиз живет зимою в кощомных юртах в своих «кстау»; последние расположены в полосе Голодной степи, где малая производительность почвы гонит киргизов зимою с одного «кстау» на другое, вынуждая оставаться в юрте, в этом символе кочевого быта…» [8].

XX кылымдын башында дыйкандарды көчүрүп келүүнүн жаңы толкуну башталган. 1907-жылдын 20-майында өткөн Талаа генерал-губернаторлугунун жыйынында көчмөн чарбалардын жер иштетүүсүнө көңүл бурулуп, анда кыргыздарды көчмөндөр катары жер иштетүүгө ыңгайлуу эмес жерлеге жайгаштыруу маселеси каралган [9]. Империянын чек арасын орус-казак хуторлору менен чындоо аймакты колонизациялоонун бардык маселелерин чечкен эмес. Земский бөлүмүнүн кызматкери Сувчинский өзүнүн докладында мындай деп билдирген: буга чейин өлкөнүн (Россия империясынын - Ж.К.) тынчтыгына салым кошкон орус-казак пикеттери өздөрүнүн тарыхый милдетин аткарып бүтүштү. Мезгилдин жаңы талабына ылайык талаанын экономикалык жактан өнүгүшү жана аны Россиянын калган аймагы менен маданий жактан бириктирүү жөнүндөгү маселени күн тартибине коюу зарыл [9].

Императордук орус географиялык коомунун Батыш-Сибирь бөлүмүнүн окумуштуу, саясасатчы, саякатчылары тарабынан жазылган эмгектерде топтолгон эң бай фактылык материалдар орус-казактарынын эле эмес, XIX к. - XX к. башындагы казак элинин тарыхынын социалдык-экономикалык маселелер боюнча тарыхый изилдөөлөр үчүн дагы баалуу болуп саналат. XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башындагы орус-казак дыйкандарын Талаа аймагына көчүрүп келүү маселеси расмий, бейрасмий изилдөөлөр боюнча казак коомунун социалдык маселелерин бир топ курчутуп, казак айылдарындагы дифференциацияга өз изин калтырдын белгилөө менен аймактагы калктын улуттук ар түрдүүлүгүнө дагы таасирин тийгизгендигин байкасак болот.

**Адабияттар:**

1. Толыбеков С.Е. Об особенностях перехода Казахстана к социализму, минуя капиталистическую стадию развития. // Вест. АН КазССР. – 1957. - №8.- С. 42-46.
2. Коншин Н.Я. Киргизы на казачьих землях. – Семипалатинск. - 1899. – 41С.; Сулейменов Б. Аграрный вопрос в Казахстане в последней трети XIX - начала XX вв. (1867-1907). - Алма-Ата. – 1963. – 411 с.
3. Седельников Т. Борьба за землю в киргизской степи. - Алма-Ата.: Полиграфия. - 1991. - 125С. - С. 13.
4. Седельников А.Н. Справочник к обзору деятельности Зап.-Сиб. Отд. РГО за 1877-1910 гг. - Омск. - 1911. - С. 54-59.
5. Катанаев Г.Е. К вопросу о так называемых «земельных захватах» Сибирского казачьего войска. - Омск.: Тип. Сибс. военного округа. – 1898. - С. 19. - С. 4.
6. Щербина.Ф.А. Киргизская народность в местах крестьянских переселений. - СПб., 1905. - С. 321.
7. Остафьев В. Колонизация степных областей в связи с вопросом о кочевом хозяйстве. // «Памятная книжка Семипалатинской области на 1901 год». - Кн.5. - Семипалатинск. – 1901. - С. 57.
8. Алихан Букейханов. Из исторического очерка «Киргизы» /. Из истории казахов. - Изд «Жалын». - А., 1997.- С. 299-302.
9. Областной город Семипалатинск. Краткий исторический взгляд на места, занимаемые Семипалатинской областью. // Записки ИРГО. - Кн. 1.- 1861. - С. 109-174.